“Бекитемин”

Ж. Бөкөнбаев атындагы жатак –

гимназия мектебинин директору:

_____________Т.Оморов

# Мугалимдин кызматтык милдети

**Кызматтык милдети:**

- Мамлекеттик билим берүүнүн стандартынын талаптарына ылайык окуучуларга билим берүү:
- Окуучулардын өз алдынча ишин уюштуруу жана көзөмөлдөө:
- Сабакта окутуунун эфективдүү формаларын.ыкмаларын жана жаңы технологияларды колдонуу;
- Окуучулардын профессионалдык көндүмдөрүн калыптандыруу,алган билимдерин турмушта колдонууга даярдоо,билим берүүдөгү жаңы программаларды иштеп чыгууга катышуу,аларды окуу планын жана окуу процесинин графиги негизинде толук ишке ашыруу.бүтүрүүчүлөрдү сапатуу даярдоо;
- Окуучулардын укугун жана эркиндиктерин сактоо;
- Окуучунун тартибин сактоо,сабактарга катышууну көзөмөлдөө;
- Окуу программасынын аткарылышын камсыздоо,окуу процесинде эмгек коопсуздугунун талаптарын сактоо;
- Тарбиялык иштерди уюштуруу;

**Мугалимдин укугу:**

- Мектептин окуу процессин жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизүү;
- Алдыңкы иш тажырыйбаны публикациялоого сунуштоо;
- Өзүнүн профессионалдык квалификациясын өркүндөтүү;
- Өзүнүн профессионалдык намысын коргоо;
- Өзүнүн ишине тиешелүү арыздар жана иш кагаздар менен таанышууга жана түшүнүк берүүгө;
- Профессионалдык этиканын ченемдеринин бузулуусуна байланыштуу,дисципилинардык изилдөөлөрдө өз кызыкчылыгын жекече же өз ишенимдүү адамы,адвокаты аркылуу коргоо;
- Мыйзамда көрсөтүлгөн беренелерден тышкары,дисциплинардык изилдөөлөрдө конфиденциялыкты сактоого;
- Өз билимин өркүндөтүүгө;
- Квалификациясын жогорулатуу үчүн аттестациялоого катышууга,тиешелүү категорияны алууга;
- Мектептин талабына ылайык окуучуларга сабак учурунда жана танапис убагында тиешелүү көрсөтмөлөрдү берүүгө,тартип бузгандыгы үчүн диципилинардык жоопкерчиликке тартууга,жакшы көрсөткүчтөрү үчүн сыйлоого;

**Мугалим билүүгө милдеттүү:**

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана символикаларын;
- Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарын;
- Кыргыз Республикасынын Жарлыктарын;

- Кыргыз Республикасынын жана мамлекеттик уюмдарынын билим,тарбия,балдардын жана өспүрүмдөрдүн укугун коргоо тууралуу токтомдорун жана чечимдерин;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана Илим министирлигинин нормативдик иш кагаздарын,педагогиканы,педагогикалык психологияны,социологиянын негиздерин жана дарылоочу педагогиканы,гигиенаны,дүйнөлүк жана Ата мекендик педагогикалык илимди жана прахтиканы,башкаруунун психологиясын,билим берүү экономикасын,каржылоо маселелерин,эмгекти коргоонун эрежелерин жана нормаларын;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жонүндөгү мыйзамдарын;
- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү бардыгы үчүн" мыйзамдарын;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексин;
- Мамлекеттик инстуттардын жана коомдук уюмдардын окуучуларды окутуу жана тарбиялоо багытындагы функциялары жана укуктары;
- Балдардын укуктарынын Коувенциясын;